*Долбоор*

# Эмгек, эмгекти коргоо мыйзамдарынын жана эмгек укугунун ченемдерин камтыган башка ченемдик укуктук актылардын сакталышына мамлекеттик жана коомдук көзөмөл жүргүзүү боюнча Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясы менен Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин ортосундагы өз ара кызматташуу жөнүндө

# Макулдашуу

*апрель, 2022-жыл* *Бишкек ш.*

Мындан ары текстте чогуу *«Тараптар»* деп аталуучу, бир тараптан, Уставдын негизинде иш-аракет аткарган төрага **Кызаев Эмил Шурубековичтин** өкүлчүлүгүндө **Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясы** менен экинчи тараптан, «Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги жөнүндө» Жобонун негизинде иш-аракет аткарган министр **Базарбаев Кудайберген Базарбаевичтин** өкүлчүлүгүндө **Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин** ортосунда эмгек, эмгекти коргоо мыйзамдарынын жана эмгек укугунун ченемдерин камтыган башка ченемдик укуктук актылардын сакталышына мамлекеттик жана коомдук көзөмөл жүргүзүүдөгү Кыргызстан кесиптик бирликтеринин **Техникалык эмгек инспекциясы** (*мындан ары- Инспекция*) менен **Эмгек мыйзамдарын контролдоо жана көзөмөлдөө кызматынын** (*мындан ары* - *Кызмат*) ортосундагы кызматташуунун формалары менен усулдарын белгилөөчү ушул Макулдашуу түзүлдү.

## I. Жалпы жоболор

1.1. Ушул Макулдашуунун **укуктук негизи** болуп, ЭЭУнун Кыргыз Республикасында 1994-жылдын 12-январында ратификацияланган «Өнөр жай жана соода тармагындагы эмгек инспекциясы жөнүндө» №81 конвенциясы, Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодекси, «Кесиптик бирликтер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана Кыргыз Республикасынын эмгек жана эмгекти коргоо жөнүндө башка ченемдик укуктук актылары эсептелет.

1.2. Ушул Макулдашуунун **предмети** болуп, Тараптардын кызматкерлердин эмгек укуктарын коргоого, Кыргыз Республикасынын эмгек жана эмгекти коргоо

жөнүндөгү мыйзамдарын бузуулардын алдын алууга, аларды аныктап чыгууга жана жоюуга багытталган кызматташтыгынын негиздерин белгилөө эсептелет.

1.3. Ушул Макулдашуунун **максаты** болуп, эмгек, эмгекти коргоо мыйзамдарынын жана эмгек укугунун ченемдерин камтыган башка ченемдик укуктук актылардын сакталышына мамлекеттик жана коомдук көзөмөлдүн, кызматкерлердин укуктарын натыйжалуу коргоонун ролун жогорулатуу, эмгек укугунун ченемдерин камтыган мыйзамдарды жакшыртуу эсептелет.

1.4. Тараптар ич ара кызматташууну кийинкидей формаларда ишке ашырышат:

- кызматкерлердин эмгектик укуктарынын бузулушу жөнүндө маалыматтар менен бөлүшүү;
- эмгек чөйрөсүндөгү укук бузуулардын алдын алуу, аларды аныктап чыгуу жана жоюу максатында кызматкерлердин эмгектик укуктарын коргоо боюнча биргелешкен иш-чараларды өткөрүү (биргелешкен семинарлар, тренингдер, тегерек столдор ж.б.);
- эмгекке байланыштуу жамааттык талаш-тартыштарды чечүүгө катышуу;
- кызматкерлердин эмгек укуктарын коргоо боюнча тажрыйба алмашуу;
- эмгек жана эмгекти коргоо жөнүндө мыйзамдарды жакшыртуу, аларды жалпы кабыл алган принциптерге жана эл аралык укуктун ченемдерине шайкештөө жаатында кызматташуу.

1.5. Ушул Макулдашуунун предметине жана максатына ылайык, Тараптар биргелешкен убактылуу жана туруктуу жумушчу топторду түзүп, аларга өздөрүнүн кызматкерлеринин кирүүсүн камсыздай алышат.

## 2. **Тараптардын милдеттенмелери**

2.1. Тараптар өз ара мамилелерин тең укуктуулук жана кызматкерлердин эмгектик укуктарын коргоого багытталган чаралардын макулдашылгандык принциптерин сактоонун негизинде түзүүгө, жетишилген макулдашуулардын сакталышын жана алардын аткарылышын көзөмөлдөө боюнча өз ара аракеттешүүнү ишке ашырууга милдеттенишет.

2.2. Тараптар эмгек жөнүндөгү мыйзамдарды жана эмгек укугунун, эмгекти коргоонун ченемдерин камтыган башка ченемдик укуктук актыларды бузуу жөнүндө маалыматтар менен бөлүшүүгө милдеттенишет. Анын ичинде:

❖ Тараптарга, тийиштүү сурамдар келип түшкөндө, эмгек мыйзамдарынын жана эмгек укугунун ченемдерин камтыган ченемдик укуктук актылардын сакталышына мамлекеттик жана коомдук көзөмөл жүргүзүүдө ишке ашырылган текшерүүлөрдүн, кароолордун жыйынтыктары тууралуу маалыматты берүү;

- тийиштүү сурамдар келип түшкөндө, арыз ээлеринин кызматкерлердин эмгектик укуктарынын бузулушу жөнүндөгү даттанууларын карап чыгуунун жана анализинин жыйынтыктары тууралуу маалыматты берүү;
- эмгектик талаш-тартыштардын келип чыгышынын, эмгекти коргоо боюнча мыйзамдардын бузулушунун себептеринин, Тараптар көргөн чаралардын натыйжалуулугунун анализин берүү;

2.3. Тараптар эмгек мыйзамдарынын жана эмгек укугунун ченемдерин камтыган ченемдик укуктук актылардын талаптарын аткаруу чөйрөсүндө мамлекеттик жана коомдук көзөмөлдү биргелешип жүргүзүү практикасын анализдеп чыгышат.

2.4. Тараптар анализдин натыйжасында ээ болгон маалыматтардын негизинде эмгек жөнүндөгү мыйзамдарды жана эмгек укугунун, эмгекти коргоонун ченемдерин камтыган башка ченемдик укуктук актыларды бузуулардын алдын алууга, аларды аныктап чыгууга, токтотууга жана жоюуга багытталган макулдашылган иш-аракеттерди аткаруу боюнча биргелешкен иш-чаралардын пландарын иштеп чыгышат.

2.5. Биргелешкен ишмердүүлүктүн көбүрөөк актуалдуу деп эсептелген темалары боюнча нускалоо-усулдук каттары, материалдар, докладдар, серептер даярдалат.

2.6. Инспекция кезектеги жылга чарбалык субъектилер тарабынан эмгек мыйзамдарынын жана эмгек укугунун ченемдерин камтыган башка ченемдик укуктук актылардын талаптарынын сакталышына пландуу комплекстүү текшерүүлөрдү жүргүзүү планына киргизүүсү үчүн сунуштарын Кызматка жөнөтөт.

2.7. Кызмат жана Инспекция, ошондой эле алардын мүчө уюмдары, төмөнкүдөй жолдорду колдонуу менен, Федерацияга мүчө уюмдардын кесиптик бирлик тейлөөсүндө болгон кесиптик бирлик уюмдары бар уюмдар менен ишканаларды кошкондо, кызматкерлердин эмгектик укуктарын коргоо, эмгек укуктарынын бузулушунун алдын алуу, аларды аныктап чыгуу жана жоюу боюнча биргелешкен иш-чараларды өткөрүшөт:

- уюмдарда жана ишканаларда эмгек мыйзамдарынын жана эмгек укугунун ченемдерин камтыган башка ченемдик укуктук актылардын талаптарынын сакталышы боюнча биргелешкен текшерүүлөрдү жүргүзүү;
- кызматкерлердин бузулган эмгектик укуктарын калыбына келтирүү, уюмдардын, ишканалардын күнөөлүү жетекчилерин жана башка кызмат адамдарын жоопко тартуу боюнча чараларды көрүү;
- Федерацияга мүчө уюмдардын кесиптик бирлик тейлөөсүндө болгон кесиптик бирлик уюмдарынын мүчөлөрүнө Кыргыз Республикасынын эмгек жана эмгекти коргоо жөнүндөгү мыйзамдары тууралуу маалымат берүү жана консультацияларды

өткөрүү, анын ичинде бул иш-чараларды биргелешкен семинарларды, кеңешмелерди, лекцияларды уюштуруу аркылуу аткаруу;

- ыйгарым укуктарына жана иш пландарына ылайык кызматкерлерге жана иш берүүчүлөргө Кыргыз Республикасынын эмгек жана эмгекти коргоо мыйзамдары жөнүндө маалымат берүү жана консультацияларды өткөрүү;
- кызматкерлерге сот органдарында эмгектик укуктарын коргоо боюнча укуктук жардам көрсөтүү жана соттук процесстерге катышуу;
- иш берүүчү тарабынан өндүрүштө кырсыктарды болтурбоо жана кесиптик оорулардын пайда болуусунун алдын алуу боюнча чаралардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү;
- мыйзамдарда белгиленген тартипте иш берүүчү менен кызматкердин ортосунда эмгек мыйзамдарынын жана эмгек укугунун ченемдерин камтыган башка ченемдик укуктук актылардын талаптарын сактоого, өндүрүштө келип чыккан кырсыктарды териштирүүгө байланыштуу келип чыккан талаш-тартыштарды чечүүгө катышуу;

2.8. Тараптар Кыргыз Республикасынын эмгек жана эмгекти коргоо жөнүндөгү мыйзамдарын жакшыруу багытында төмөнкүдөй жолдор менен кызматташат:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү, ошондой эле эмгек укугунун ченемдерин камтыган мыйзам долбоорлорун экспертизалоо боюнча макулдашылган сунуштарды даярдоо;
- эл аралык укуктун жалпы принциптери менен ченемдери, ошондой эле кызматкерлердин эмгектик укуктарын коргоо боюнча мамлекеттер аралык органдардын ишмердүүлүгү жана эмгек чөйрөсүндө жамааттык талаш-тартыштарды чечүү жөнүндө укуктук маалымат алмашуу.

2.9. Тараптар эмгек мыйзамдарынын жана эмгек укугунун ченемдерин камтыган башка ченемдик укуктук актылардын талаптарын сактоо маселелери боюнча биргелешкен кеңешмелерди өткөрүшөт. Кеңешмелерге катышууга Тараптардын аймактык органдарынын өкүлдөрү, ошондой эле эксперттер менен адистер чакырылышы мүмкүн.

2.10. Тараптар эмгек жана эмгекти коргоо жөнүндөгү мыйзамдарды бузууга, тармактык тарифтик макулдашуу, жамааттык келишимдер жана макулдашуулар боюнча милдеттенмелерге байланыштуу бири-бирине консультацияларды өткөрүшөт жана укуктук жардам көрсөтүшөт.

### 3. Жыйынтыктоочу жоболор

3.1. Ушул Макулдашуунун алкагында алынган маалымат жана документтер жалпыга жеткиликтүү болуп эсептелет жана Тараптардын ишмердүүлүгү менен байланыштуу максаттарда колдонулушу мүмкүн. Тараптардын ар бири экинчи Тараптан алган маалымат аракеттеги мыйзамдарга ылайык мүмкүндүк алуу чектелген маалыматка кирсе, анда мындай маалыматтын жана документтердин купуялуулугун камсыздоого милдеттүү.

3.2. Ушул Макулдашуу үч жылдык мөөнөткө түзүлөт жана Тараптар кол койгон учурдан тарта күчкө ээ болот.

3.3. Ушул Макулдашууга өзгөртүүлөр менен толуктоолор Тараптардын өз ара макулдугунун негизинде киргизилип, жазуу жүзүндө тариздeлет жана Тараптардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет. Ушул Макулдашууга киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор Макулдашуунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

3.4. Жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин, Тараптардын эч бири Макулдашуунун жарактуулук мөөнөтү аяктаганга чейин бир ай мурун экинчи Тарапка Макулдашууну токтотуу тууралуу жазуу жүзүндө билдирбеген учурда, Макулдашуу кийинки эки жылга узартылышы мүмкүн.

3.5. Тараптардын ар бири экинчи Тарапка жазуу жүзүндө кабарлоо менен ушул Макулдашууну мөөнөтүнөн мурда бузууга укуктуу. Ушул Макулдашуунун күчү экинчи Тараптын жазуу жүзүндөгү билдирмеси алынган учурдан тартып үч ай өткөн соң токтойт.

3.6. Макулдашуу юридикалык күчү бирдей эки нускада даярдалып, кол коюлду. Тараптардын ар бирине бирден нуска берилет.

| | |
|---|---|
| **Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясынын төрагасы** | **Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министри** |
| ___________________________ | ______________________________ |
| **Э.Кызаев** | **К.Базарбаев** |
| *«_____» ______________2022-ж.* | *«_____» ______________2022-ж.* |